**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN: 1694-7452** **e-ISSN: 1694-8610**

№3/2025, 151-162

***ЭКОНОМИКА***

**УДК: 336.02 (575.2)**
**DOI:** 10.52754/16948610_2025_3_0_12

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫНДАГЫ КАЙРА ИШТЕТҮҮЧҮ ИШКАНАЛАРЫНЫН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

# ИНВЕСТИЦИОННЫЕ ПОКАЗАТЕЛИ ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩИХ ПРЕДПРИЯТИЙ ЮЖНОГО РЕГИОНА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# INVESTMENT INDICATORS OF PROCESSING ENTERPRISES IN THE SOUTHERN REGION OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Бексултанов Азисбек Абдилкариевич**
*Бексултанов Азисбек Абдилкариевич*
*Beksultanov Azisbek Abdilkarievich*

**э.и.д., профессор, М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илим изилдөө университети**
*д.э.н., профессор, НИУ Кыргызский экономический университет имени М. Рыскулбекова*
*Doctor of Economics, Professor, Kyrgyz Economic University named after M. Ryskulbekov*
azis@mail.ru
ORCID: 0009-0008-9750-0867

---

**Имаралиев Омурбек Рахманалиевич**
*Имаралиев Омурбек Рахманалиевич*
*Imaraliev Omurbek Rakhmanalievich*

**э.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.э.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Economics, Associate Professor, Osh State University*
oimaraliev@oshsu.kg
ORCID: 0000-0002-1172-7307

---

**Бакай кызы Жамийла**
*Бакай кызы Жамийла*
*Bakai kyzy Zhamilya*

**аспирант, М. Рыскулбеков атындагы НИУ Кыргыз экономикалык университети**
*аспирант, Кыргызский экономический университет имени М. Рыскулбекова*
*Graduate Student, Kyrgyz University of Economics named after M. Ryskulbekov*
ORCID: 0000-0002-9546-2069

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТҮШТҮК АЙМАГЫНДАГЫ КАЙРА ИШТЕТҮҮЧҮ ИШКАНАЛАРЫНЫН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

**Аннотация**

Бул макалада Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы кайра иштетүүчү ишканалардын экономиканын туруктуу өнүгүү шарттарындагы инвестициялык көрсөткүчтөрүнө аналитикалык талдоо, бул багыттагы илимий-теориялык изилдөөлөргө обзордук талдоо жана инвестициялык климатты жакшыртуунун боюнча изилдөөлөр жана сунуштар каралган. Изилдөөдө салыштыруу, аналитикалык, статистикалык материалдарды талдоо усулдары колдонулган. Изилдөөнүн максаты Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы кайра иштетүүчү ишканаларындагы инвестициялык көрсөткүчтөргө талдоо жасоо жана инвестициялык климатты жакшыртуу болуп саналат. Кыргыз Республикасынын экономикасынын туруктуу өсүшү жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү реалдуу секторду, айрыкча кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүүгө тыгыз байланыштуу. Айрыкча өлкөбүздүн түштүк аймагындагы (Ош, Жалал-Абад, Баткен облустары) кайра иштетүүчү ишканалар регионалдык өнүгүүнүн негизги факторлорунун бири болуп эсептелет. Бул макалада түштүк аймактагы кайра иштетүү тармагындагы инвестициялык көрсөткүчтөр, алардын динамикасы жана аларга таасир этүүчү факторлор каралат. Натыйжада, мамлекеттик деңгээлде инвестициялык климатты жакшыртуу жана инвосторлорду колдоо үчүн атайын сунуштарды берилди.

***Ачкыч сөздөр:*** инвестициялык көрсөткүчтөр, кайра иштетүү ишканалары, инвестициялык климат, ресурстук база, каржылык өнүгүү

## *ИНВЕСТИЦИОННЫЕ ПОКАЗАТЕЛИ ПЕРЕРАБАТЫВАЮЩИХ ПРЕДПРИЯТИЙ ЮЖНОГО РЕГИОНА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ*

**Аннотация**

В данной статье проведен аналитический анализ инвестиционных показателей перерабатывающих предприятий южного региона Кыргызской Республики в условиях устойчивого экономического развития. В исследовании использованы методы сравнительного, аналитического и статистического анализа. Целью исследования является анализ инвестиционных показателей перерабатывающих предприятий южного региона Кыргызской Республики и разработка предложений по улучшению инвестиционного климата. Экономический рост и конкурентоспособность Кыргызской Республики напрямую связаны с развитием реального сектора экономики, в частности, перерабатывающей промышленности. Особенно важно развитие перерабатывающих предприятий в южных регионах страны (Ошская, Джалал-Абадская и Баткенская области), которые являются ключевыми факторами регионального развития. В статье анализируются динамика инвестиционных показателей и факторы, влияющие на развитие перерабатывающей отрасли в южном регионе. В результате сформулированы конкретные рекомендации по улучшению инвестиционного климата на государственном уровне и поддержке инвесторов.

***Ключевые слова:*** инвестиционные показатели, перерабатывающие предприятия, инвестиционный климат, ресурсная база, финансовое развитие

## *INVESTMENT INDICATORS OF PROCESSING ENTERPRISES IN THE SOUTHERN REGION OF THE KYRGYZ REPUBLIC*

**Abstract**

This article presents an analytical review of the investment indicators of processing enterprises in the southern region of the Kyrgyz Republic under the conditions of sustainable economic development. It includes an overview of theoretical research in this field and proposes recommendations for improving the investment climate. The study utilizes comparative, analytical, and statistical analysis methods. The primary objective is to assess the investment indicators of processing enterprises in the southern region of the Kyrgyz Republic and develop strategies to enhance the investment environment. The sustainable economic growth and competitiveness of the Kyrgyz Republic are closely linked to the development of the real sector, particularly the processing industry. The development of processing enterprises in the southern regions of the country (Osh, Jalal-Abad, and Batken oblasts) is a key factor in promoting regional development. The article analyzes the dynamics of investment indicators and the influencing factors affecting the development of the processing sector in the south. As a result, targeted recommendations are provided to improve the investment climate at the national level and to support investors.


***Keywords:*** investment indicators, processing enterprises, investment climate, resource base, financial development

**Киришүү**

Кыргыз Республикасынын экономикасынын туруктуу өсүшү жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү реалдуу секторду, айрыкча кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүүгө тыгыз байланыштуу. Айрыкча өлкөбүздүн түштүк аймагындагы (Ош, Жалал-Абад, Баткен облустары) кайра иштетүүчү ишканалар регионалдык өнүгүүнүн негизги факторлорунун бири болуп эсептелет. Бул макалада түштүк аймактагы кайра иштетүү тармагындагы инвестициялык көрсөткүчтөр, алардын динамикасы жана аларга таасир этүүчү факторлор каралат.

Кайра иштетүү өнөр жайы экспорттук мүмкүнчүлүгү бар экономиканын сектору жана чыгарылган продукциялар эл аралык стандарттарга дал келүүсү керек болгон өндүрүш тармагы болуп саналат. Бул максатта тармактын техника жана технологиясын заманбап талапта модернизациялоо зарыл. Бул багытта тармактын айрым субъекттери толугу менен өндүрүштүк процесстерин автоматташтырылган заманбап технологиялар, имараттар менен камсыз кылып жатышат. Бирок басымдуу бөлүгүнүн негизги каражаттары физикалык жана моралдык жактан эскирип, ишмердүүлүктөрү жүрбөй калган фактылар дагы кездешет жана заманбап талапта кайра жаңылоого чоң өлчөмдөгү салымдар, инвестициялар, акчалай каражаттар керек.

Инвестиция чөйрөсүндөгү, өзгөчө Кыргыз Республикасындагы кайра иштетүү тармагындагы ишканаларды талдоо өлкөнүн жана өнөр жайдын өзгөчөлүктөрүн эске алууну талап кылат. Кайра иштетүү региондун экономикасын өнүктүрүүнүн негизги багыты болуп саналат жана потенциалдуу инвестицияларды талдоо терең жана көп кырдуу болушу керек. Төмөндө Кыргыз Республикасындагы кайра иштетүү ишканаларын талдоодо көңүл буруу керек болгон негизги кадамдарды жана аспектилер карап көрөлү.





**Сүрөт 1.** *Инвестициялык талдоодогу негизги кадамдар. Макаланын экинчи автору тарабынан түзүлдү.*

Экономикалык жана саясий абалды талдоонун алдында экономикалык туруктуулук жана саясий кырдалдар инвестиция тартууда негизги кадамдардын бири экендиги баарыбызга маалым. Жогоруда айтылган кадамдарды бөлүп карай турган болсок:

- Экономикалык туруктуулук - өлкөнүн макроэкономикалык туруктуулугун, анын ичинде инфляцияны, валюта курсун жана өкмөттүн өнөр жай саясатын талдоо.

- Саясий кырдаал - саясий туруктуулукту жана мыйзамдардагы жана мамлекеттик саясаттагы өзгөрүүлөргө байланыштуу тобокелдиктерди баалоо.

Кийинки инвестицияны тартуудагы кадамдарыбыздын бири өнөр жай тармагын талдоо. Бүгүнкү күндөгү кайра иштетүүчү ишканаларга инвестицияларды тартуудагы негизги кадамдарыбыз же базар мамилеринин талаптарына жооп берүүчү өнөр жай тармагына инвестицияларды тартуудагы суроо талаптарга токтоло турган болсок:




**Сүрөт 2.** *Өнөр жай тармагын талдоо. Макаланын экинчи автору тарабынан түзүлдү.*

Жогорудагы сүрөттө көрсөтүлгөндөй, базар чөйрөсү – базардагы суроо-талаптар менен сунуштарды изилдөө, негизги атаандаштарды жана алардын базардагы үлүшүн талдоо, негизги кадамдарыбыздын бири болуп саналат. Өнөр жай тармагындагы өсүүлөр жана өзгөрүүлөр – бул жаңы технологиялар, экологиялык стандарттар жана керектөөчүлөрдүн каалоолорун өзгөртүү сыяктуу учурдагы тармактык өсүүлөрдү, өзгөрүүлөрдү баалоо, талдоо болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн материалдары жана методологиясы.** Бул макалада негизги капиталга тартылган инвестициялардын динамикасы Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтарынын негизинде анализденди. Мында салыштырма анализ ыкмасы колдонулуп, ар бир жылдагы өсүү же азайуу темпи эсептелди. Ошондой эле тренд анализи аркылуу узак мөөнөттүү багыт аныкталды. Кошумча түрдө корреляциялык ыкма колдонулуп, экономикалык өсүш жана инвестиция көлөмүнүн ортосундагы байланыш бааланды. Мындай комплекстүү методология илимий-аналитикалык негизди бекемдеп, алынган жыйынтыктардын ишенимдүүлүгүн жогорулатат.

Финансылык талдоо кадамдарында негизинен отчеттук жана каржылык абал - балансты, кирешелер жана акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетту камтыган бизнестин финансылык отчетунун баардык көрсөткүчтөрүн талдоо.

Ал эми финансылык көрсөткүчтөргө - кирешелүүлүк, ликвиддүүлүк, карыздын коэффициенти сыяктуу негизги финансылык көрсөткүчтөрдү эсептөө жана талдоо кирет (Бексултанов ж-а Имаралиев, 2024, б. 292-299; Имаралиев, Абжапар кызы, 2024; Имаралиев, Какеева, Абдрасулова, 2025).

Өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрдү карай турган болсок:

- Технологиялар жана жабдуулар - өндүрүштүк кубаттуулуктардын, технологиялардын жана жабдуулардын жаңылануу деңгээлине баа берүү;

- Өндүрүштүн натыйжалуулугу - өндүрүш процесстеринин натыйжалуулугун жана оптималдаштыруу потенциалын талдоо.

Башкаруу жана уюштуруу түзүмдөрүн талдай турган болсок, башкаруу командасын жана корпоративдик башкарууга көңүл буруубуз керек.

- Башкаруу командасы - башкаруу командасынын квалификациясын жана тажрыйбасын баалоо;

- Корпоративдик башкаруу - ишкананы башкаруу түзүмүн талдоо, корпоративдик башкаруунун так жол-жоболорунун жана айкындуулугун баалоо.

Ар бир ишканада тобокелдиктер жана мүмкүнчүлүктөр болот. Ишканалардын ишин алдыга жылдырууда, инвестицияларды тартууда тобокелдиктерди жана мүмкүнчүлүктөрдү да талдап туруу абзел (Ибраимова ж.б., 2023, б. 147-152).

- Тобокелдиктерди баалоо- финансылык, операциялык жана базар шартындагы тобокелдиктерди камтыган бизнеске инвестициялоо менен байланышкан потенциалдуу тобокелдиктерди талдоо;

- Инвестициялык мүмкүнчүлүктөр - өсүү жана кеңейүү үчүн потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдү аныктоо.

Бул көп багыттуу мамиле Кыргыз Республикасындагы кайра иштетүү ишканаларын, алардын учурдагы абалын, потенциалын жана тобокелдиктерин толук жана объективдүү түшүнүүнү камсыз кылат, бул негиздүү инвестициялык чечимдерди кабыл алуу үчүн маанилүү.

Кайра иштетүү тармагы – бул чийки затты акыркы керектөө товарларына же жарым фабрикаттарга айландыруучу экономиканын сегменти. Аталган тармак:

- кошумча нарк түзөт;
- жумуш орундарын жаратат;
- экспорттук потенциалды кеңейтет;
- агрардык жана өнөр жай секторун байланыштырган көпүрө ролун аткарат.

Чет элдик компаниялар үчүн инвестициялык климатты башка жылдарга караганда жагымдуураак кылган мыйзамдарга карабастан, бул мыйзамдардын аткарылышы ыраатсыз бойдон калып, чет элдик инвесторлор үчүн көйгөйлөрдү жаратууда (Имаралиев ж-а Эсенали кызы, 2022, б. 93-96).


Аларга өкмөттүн иш-аракеттери, анын ичинде операциялык келишимдерди кайра кароо өтүнүчү, ашыкча жана узакка созулган аудиттер, ири айыптар жана лицензиялык талаштар жана көмүскө экономиканын калыптанышы кирет. Жогоруда айтылган мисалдардын баары чет элдик инвестицияга тоскоол болууда.

Кыргыз Республикасындагы кырдаалды жакшыртуу үчүн Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин алдында Инвестицияларды жана экспортту илгерилетүү боюнча агенттик түзүлүп, жаңы статуска ээ болгон жана инвестицияларды коргоого багытталган.

Инвестициялык көрсөткүчтөр – бул ишканаларга тартылган капиталдын көлөмү, структурасы жана натыйжалуулугу боюнча алынган маалыматтар. Негизги көрсөткүчтөр:

- Түз инвестициялардын көлөмү (млн сом менен)
- Ишканалардын негизги капиталга инвестициясы
- Инвестициянын кайтарымдуулук коэффициенти
- Инвестициялоодогу мамлекеттик жана жеке сектордун үлүшү

Кайра иштетүүчү ишканалардын инвестиция менен иш алып баруусун Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматына таянып, негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн (2018-2022 жылдар) негизги капиталга тартылган инвестицияларын талдоодо төмөнкүдөй жыйынтык алууга болот (Статистикалык маалымат. 2020).





**3-Сүрөт.** *Республика боюнча негизги капиталга тартылган инвестициялар (млн.сом). Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде экинчи автор тарабынан түзүлдү.*

Кайра иштетүүчү ишканалардын негизги капиталга тартылган инвестицияларына жүргүзгөн талдоолорубуз боюнча алып караганда 2018-жыл менен 2019 жылдагы келип түшкөн инвестицияны салыштырууда 107% же 10725,8 млн. сомго көп түшкөн. 2019 жылдагы инвестициялардын көлөмү 2020 жылы өткөн жылдын 76% же 38914,1 млн. сомго аз түшкөн. 2020-жылдагы келип түшкөн инвестициянын көлөмү 2021 жылга караганда 436,3 млн. сомго азайган же 99,6% түзгөн. Ал эми 2022-жылдагы көрсөткүчтөр15489,7 млн. сомго өскөн же 2021 жылдын 113% түзгөн.

Кайра иштетүүчү ишканаларга сырттан тартылган инвестицияларына жүргүзгөн талдоолорубуз боюнча, акыркы беш жылда дайым өзгөрүүлөрдү байкоого болот.

Чет элдик инвестициялардын көлөмү (млн. АКШ доллары менен):





**4-Сүрөт.** *Чет элдик инвестициялардын көлөмү. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлдү.*

Чет элдик инвестициялар боюнча маалыматтар 2019 жылы 2018 жылга салыштырганда 225,2 млн. АКШ долларына же 26% көбөйгөн. 2020-жылы 2019 – жылга салыштыруу талдоосунда 50% же 539,3 млн. долларга азайган. Мындай азаюнун себеби, баарыбызга маалым болгондой, дүйнөдөгү болгон COVID-2019 жылдагы апаатынын тийгизген таасири экендиги маалым. 2021 – жылдагы көрсөткүчтөрдү 2020-жылдагы көрсөткүчтөр боюнча талдообузда көрсөткөндөй өткөн жылдагы көрсөткүчтөрдүн 87% түзгөн же 468,5 млн. долларга көбөйгөн. 2022 – жылдын 2021-жылга салыштырууда 196,5 млн. долларга өскөн же 2021 жылдагы көрсөткүчтөрдөн 20% көбөйгөн (Статистикалык жыйнак. 2020).

Инвестицияларды тартуу, ишканалардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу ар бир ишкананын алдыга койгон максаттарынын бири экендиги баарыбызга маалым.

Өндүрүш, кайра иштетүү тармактарында бөлүнгөн чет элдик инвестициялардын талдоосунда төмөндөгүдөй жыйынтыктарды көрүүгө болот. (5-Сүрөт).




**5-Сүрөт.** *Өндүрүш, кайра иштетүү тармактарына келген инвестициялар (% менен). Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде экинчи автор тарабынан түзүлдү.*

Кыргызстанга сырттан келген инвестициянын жалпы суммасын 100% (пайыз) деп алсак, өндүрүш, кайра иштетүү тармактарына келген инвестициялардын келүүсү 2018 – жылы 10,9% түзгөн болсо, 2019 – жылы 9,2% түзгөн же 1,6% азайган. 2020-жылы 15,1% болсо, 2021 – жылы 21,1%, 2022 – жылы 41,5% чейин өскөндүгүн көрүүгө болот (Статистикалык маалымат. 2020).

Кыргызстандын түштүк аймагында кайра иштетүү тармагы негизинен айыл чарба продукцияларын (мөмө-жемиш, пахта, сүт, эт) кайра иштетүү багытында өнүккөн. Аймактар боюнча адистешүү төмөндөгүдөй:

- Ош облусу – эт-сүт жана мөмө-жемишти кайра иштетүү;
- Жалал-Абад облусу – консервалоо, шарап өндүрүшү;
- Баткен облусу – кургатылган мөмө-жемиш, жаңгак иштетүү.

Инвестициялардын салыштырма динамикасын төмөндө маалымат катары келтирдик.

**1-таблица.** *Инвестициянын динамикасы (2020–2024-жылдар).*

| **Жылдар** | **Инвестиция көлөмү (млн сом)** | **Жеке сектордун үлүшү (%)** | **Мамлекеттик колдоо (млн сом)** |
|---|---|---|---|
| 2020 | 1 250 | 43 | 180 |
| 2021 | 1 500 | 47 | 210 |
| 2022 | 1 820 | 51 | 230 |
| 2023 | 2 200 | 56 | 270 |
| 2024* | 2 450 | 60 | 300 |

Жогорудагы маалыматтарда көрүнүп тургандай эле, 2020–2024-жылдар аралыгында кайра иштетүүчү тармактагы инвестициялар 2 эсеге жакын өскөн. Жеке сектордун үлүшү да жыл сайын жогорулап, 60%дан ашты. Бул инвесторлордун тармакка болгон ишенимин билдирет.

Ошол эле учурда инвестицияларды тартуунун жана инверсторлорго жагымдуу шарт түзүп берүүнүн өзүнчө түйшүгү бар. Тармактар тарабынан караганда бул инвестициялык климат жана жаратылган жагдайлар деп каралат. Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы кайра иштетүүчү ишканалардын экономиканын туруктуу өнүгүү шарттарындагы инвестициялык көрсөткүчтөрүнө аналитикалык талдоо, бул багыттагы илимий-теориялык изилдөөлөргө обзордук талдоо жана инвестициялык климатты жакшыртуу талапка ылайык деп эсептилнет (Стратегия устойчивого развития промышленности Кыргызской Республики, 2019-2023).

***Инвестициялык климат жана тоскоолдуктар.***

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, кайра иштетүүчү ишканаларга инвестиция тартууда инфраструктура жана институционалдык шарттар негизги ролду ойнойт. Мисалы, Казакстанда “Индустриалдык аймактар” системасы түзүлүп, инвесторлорго даяр жер тилкелери, энергия жана жол менен камсыздоо аркылуу чыгымдарын олуттуу кыскартууга жетишкен. Өзбекстанда болсо кайра иштетүү тармагындагы ишканалар үчүн атайын экспорттук жеңилдиктер жана мамлекеттик кепилдиктер берилет. Ал эми Грузия инвесторлорду тартуу үчүн “бирдиктүү терезе” (one-stop-shop) системасын киргизип, бюрократиялык тоскоолдуктарды минималдаштырган. Кыргызстанда ушул тажрыйбаларды айкалыштырып колдонуу аркылуу түштүк аймактардагы инвестициялык климатты бир топ жакшыртууга мүмкүнчүлүк бар.

Инвесторлорго жагдай жаратууда алгач позитивдик факторлор биринчи орунда турат:

- Аймакта айыл чарба чийки затынын жетиштүүлүгү;
- Ишкердик субъекттерине берилүүчү жеңилдиктер (салык, кредит);
- Эл аралык программалар (EU, USAID, GIZ).

Бирок, ошол эле учурда тоскоолдуктар да болбой койбойт:

- Инфраструктуранын начарлыгы (жол, электр энергиясы);
- Финансылык жеткиликтүүлүктүн чектелиши;
- Инвестициялык коопсуздуктун төмөн деңгээли.

**Корутунду.**

Кыргыз Республикасынын жана түштүк аймактарындагы инвестициялык абалдарды жакшыртуу, алардын учурдагы абалынын анализдерин карап мамлекеттик деңгээлде ар кандай инвестициялык саясат жана сунуштар каралат. Кыргызстандагы кайра иштетүү тармагында инвестициялык климатты жакшыртуу боюнча бир нече стратегиялык багыттарды белгилөөгө болот:

- Биринчиден, ***санариптик экономиканын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу*** зарыл. Мисалы, инвестициялык долбоорлорду жайылтуу жана эл аралык каржы булактарына чыгуу

үчүн онлайн-платформаларды түзүү. Бул аймактык деңгээлде ачык-айкындыкты камсыз кылат.

- Экинчиден, ***жашыл экономика жана туруктуу өнүгүү принциптерин*** эске алуу менен өндүрүш процесстерин модернизациялоо. Эл аралык экологиялык стандарттарды сактаган ишканалардын продукциясы экспортто атаандаштыкка жөндөмдүү болот.

- Үчүнчүдөн, ***кластердик мамиле*** (айыл чарба өндүрүүчүлөрү – кайра иштетүүчүлөр – логистика – экспорттоочулар) аркылуу чынжыр түзүү. Мындай моделди Баткен облусунда жаңгак жана кургатылган мөмө-жемиш иштетүүдө, Жалал-Абад облусунда шарап өндүрүшүндө киргизүүгө толук мүмкүнчүлүк бар.

- Төртүнчүдөн, ***жергиликтүү кадрдык потенциалды даярдоо***. Инвестициялардын натыйжалуу иштеши үчүн инженердик-техникалык кадрлардын жетиштүүлүгү абдан маанилүү. Ошондуктан окуу жайлар менен өндүрүштү тыгыз байланышта кармоо сунушталат.

Бул факторлордун баары кайра иштетүүчү ишканалардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырып, туруктуу өнүгүүгө өбөлгө түзөт.

Мамлекеттик деңгээлде инвестициялык климатты жакшыртуу жана инвосторлорду колдоо үчүн атайын сунуштарды бердик.

- Салык жана административдик жеңилдиктерди кеңейтүү;
- Логистикалык борборлорду түзүү;
- Инвестициялык коркунучтарды азайтуу (саясий стабилдүүлүк);
- Кластердик мамиле: өндүрүү – кайра иштетүү – экспорт;
- Дүйнөлүк стандарттарга ылайык технологияларды киргизүү;
- Электрондук платформалар аркылуу инвестиция тартуу.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы кайра иштетүүчү ишканаларга инвестиция тартуу – экономиканын диверсификацияланышы жана туруктуу өнүгүшү үчүн негизги фактор болуп саналат. Аймакта чийки заттын молдугу, жумушчу күчтүн жетиштүүлүгү жана рыноктун бар болушу бул тармакты инвестициялоого чоң мүмкүнчүлүк түзөт. Бирок, инфраструктура жана финансы жеткиликтүүлүгү сыяктуу көйгөйлөр системдүү мамиле талап кылат.

**Жыйынтык**

Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз Республикасынын түштүк аймагындагы кайра иштетүү тармагы регионалдык өнүгүүнүн жана туруктуу экономикалык өсүштүн негизги факторлорунун бири болуп саналат. 2018–2022-жылдардагы статистикалык маалыматтар инвестициялык динамика туруксуз мүнөзгө ээ экенин көрсөттү. COVID-19 пандемиясы сыяктуу глобалдык факторлор, ички саясий-экономикалык туруксуздуктар жана инфраструктуранын жетишсиздиги инвестиция агымын чектеген. Ошол эле учурда акыркы жылдары кайра иштетүүчү өндүрүшкө тартылган инвестициялардын өсүшү, жеке сектордун активдүүлүгүнүн жогорулашы жана чет элдик капиталдын кайра кайтып келиши оң тенденцияларды далилдейт.

Кайра иштетүүчү ишканалардын потенциалы – айыл чарба чийки затынын жетиштүүлүгү, экспорттук мүмкүнчүлүктөр, кошумча нарк жаратуу жана жаңы жумуш орундарын түзүү менен байланыштуу. Бирок, бул мүмкүнчүлүктөрдү толук ишке ашыруу үчүн инвестициялык климатты жакшыртуу зарыл.

**Гипотезалар**

1. ***Инвестиция көлөмүнүн өсүшү*** кайра иштетүүчү ишканалардын өндүрүштүк кубаттуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн түздөн-түз жогорулатат.
2. ***Мамлекеттик колдоо жана жеке сектордун активдүүлүгү*** тең салмактуу болгондо гана туруктуу инвестициялык өсүш камсыз болот.
3. ***Саясий жана экономикалык стабилдүүлүк*** – чет элдик жана ички инвесторлор үчүн негизги ишеним факторы болуп саналат.
4. ***Инновациялык технологияларды киргизүү жана кластердик мамиле*** кайра иштетүү тармагынын туруктуу өнүгүүсүнүн негизги шарттары болуп саналат.
5. ***Санариптик платформалар аркылуу инвестиция тартуу*** региондук деңгээлде капитал агымын тездетүүгө өбөлгө түзөт.

**Сунуштар**

1. ***Мамлекеттик деңгээлде***

- Инвестициялык климатты жакшыртуу үчүн мыйзамдык базаны бекемдөө жана аткарууну камсыз кылуу.
- Логистикалык жана өнөр жайдык инфраструктураны өнүктүрүү (жолдор, сактоочу кампалар, электр энергиясы).
- Салыктык жана административдик жеңилдиктерди берүү аркылуу ишкерлер үчүн жагымдуу шарттарды түзүү.

2. ***Ишканалар деңгээлинде***

- Өндүрүштү модернизациялоо жана энергия үнөмдөөчү технологияларды колдонуу.
- Кластердик мамилени ишке киргизүү (айыл чарба өндүрүүчүлөрү – кайра иштетүү – экспорт).
- Корпоративдик башкарууну өркүндөтүү жана айкындуулукту камсыз кылуу.

3. ***Жеке сектор жана чет элдик инвесторлор үчүн***

- Санариптик платформа аркылуу ачык-айкын маалымат берүү (онлайн реестрлер, долбоорлор боюнча маалымат базасы).
- Эл аралык стандарттарга ылайык сертификациялоо системасын киргизүү.
- Коомдук-өз ара шериктештик долбоорлорун өнүктүрүү (PPP).

**Колдонулган адабияттардын тизмеси.**

1. Аттокурова, Г., Исманалиев, К., Эсенали кызы, Г., & Алманбетова, А. (2023). "Кыргызстанда кайра иштетүү өнөр жайларын өнүктүрүү үчүн чет өлкөлүк тажрыйбаларды колдонуу". *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Экономика*, (2(3), 7–12. https://doi.org/10.52754/16948734_2023_2(3)_2
2. Бексултанов, А.А., Имаралиев, О.Р. (2024). "Кайра иштетүү ишканаларынын каржылык ресурстарынын колдонулуусу". *Alatoo Academic Studies*, №2, бб. 292-299. DOI: 10.17015/aas.2024.242.23. – EDN DJTSII.
3. Ибраимова, С.М., Кадырова Б.М., Бексултанов А.А. (2023). "Инновационная и инвестиционная деятельность как фактор эффективного взаимодействия с инфраструктурным комплексом железнодорожного транспорта". *Известия ВУЗов Кыргызстана*, №. 5, сс. 147-152
4. Имаралиев О.Р., Эсенали кызы, Г. (2022). "Вопросы привлечения инвестиций в агропромышленное производство территориального подразделения Кыргызской Республики и совершенствование приграничных связей". *Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана*, №. 2, С. 93-96
5. Имаралиев, О. Р., Абжапар кызы, Ф. (2024). "Кайра иштетүү продукциясын өндүрүүнү математикалык моделдештирүү аркылуу оптималдаштыруу". *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы*, (4), 203–212. https://doi.org/10.52754/16948610_2024_4_20
6. Имаралиев, О., Какеева, М., Абрасулова, Б. (2025). "Кайра иштетүү ишканаларында өндүрүмдүүлүктү оптималдаштыруу усулдары". *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы*, (1), 153–160. https://doi.org/10.52754/16948610_2025_1_13

**Интернеттен алынган маалыматтар.**

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. Жеткиликтүүлүк режими: http:// www.stat.kg/kg/statistics/statisticheskie-perepisi/ (колдонулган күнү 10.09.2025).
2. Статистикалык жыйнак. (2020). Кыргызстан сандарда 2020. Бишкек. - Жеткиликтүүлүк режими: http:// www.stat.kg/kg/statistics/investicii/ (колдонулган күнү 10.09.2025).
3. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика. Жеткиликтүүлүк режими: http:// www.stat.kg/kg/statistics/statisticheskie-perepisi/ (колдонулган күнү 10.09.2025).
4. Стратегия устойчивого развития промышленности Кыргызской Республики на 2019-2023 годы. Жеткиликтүүлүк режими: http://cbd.minjust.gov. kg/ act/view/ru-ru/157190 (колдонулган күнү 10.09.2025).